~~3068, 3069.~~

52
Вопр. 1379

Отдел рукописей
Инв. № 3069
18/III 59 г.

# ПАПКА

## для

## бумаг

М. Мамыров

Манасчылардын биографиясын топуктоого арналган командировкада жыйналган айрым маалыматтар.

Институт языка литературы и истории
Отдел рукописей
Инв. № 3069
18/IV-59
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе



МАНАСЧЫЛАРДЫН БИОГРАФИЯСЫН ТОЛУКТООГО АРНАЛГАН КОМАНДИРОВКАДА ЖЫЙНАЛГАН АЙРЫМ МААЛЫМАТТАР.

Камандировканын максаты-Сагымбай Орозбактун биографиясын, андан "Манас" эпосу кандайча жазылганын аныктоого арналган. Мына ушул максатта "Манас" эпосун жазууга катышкан адамдын бири ушул күнгө чейин бар деген кабарды эшитип, ага жолугууну ылайык таптык.

Ал Сапарбай Сооронбаев аттуу адам азыр Нарын району, Он-Арча селосу, Коммунизм колхозунда /Аяндар айлында/жашайт экен.

Сапарбай баштапкы билимди Тоң болушунан алган. 1922 жылы ал окуган мектепте кыргыз элинин оозеки көркөм чыгармачылыгын жыйноо кружогу уюшулган. Ага Сапарбай активдүү катышуучу. Башка окуучуларга караганда шыктуулугу, жакшы жаза билгендиги кружоктун жетекчисине жагып калса кере Мына ошондуктан кружоктун жетекчиси, кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын жыйноого активдүү түрдө кол кабыш кылган маркум К. Мифтахов Сапарбайды жактырат. Ал өзүнө шерик кылып Сапарбайды алат да Тоң ашуусун ашып, Балгарт,Кара-Каман жайлоолорун басып Нарын бетине, Тынымсейит элине өтүшөт. Өздөрүнүн иши элдик жомокторду, ар түрдүү темадагы майда ырларды да жыйнашат. Ат-Башыдагы черик урууларына чейин барып, Арпа, Ак-Сай жайлоолорундагы элдерден да жыйнаган учурлары болот.

Сапарбай Сооронбаевди бул иш көп кызыктырбагандай көрүнөт. Ал биз менен болгон аңгемесинде мына ушуну эскертти

- мен өзүм жаш элем. Болжолу 18-19 жаштар чамасында. Башта эч жакка чыкпагандыктан бошоп кетүүнү каалап суранган учурларым көп болгон. Ал гана эмес ыйлаган учурга да жеткемин. Менин бул мамилеме маалимим К. Муфтаков жемелеп жооп кайтарган. Жайчылык мезгилде сен бала жашсың. Биз жыйган материалдан кыргыздын элдик адабиятынын тарыхы башталат. Анда сенин да атың калат дечү. Көрсө менин көңүлүмдү көтөрүп айтса керек. Ага мен көп ынана берүүчү эмесмин. - Мен бирөөдөн бир нерсе жазсам числосун коюп, аягына ким жыйнады, ысмыңды толук жазып кой. Жазган сенин ысмыңды кийинкилер билишет. Эмне иш бүтүргөндү анан баалашат деп айтаар эле. Дептерлер жазылып бүткөндө менден өзү алуучу. Үстүңкү бетине килейдин көчөтү түшүрүлгөн килем куржуну болор эле. Ал бүткөн дептерлерди куржунга салып бекитүүчү.

Сапарбай Сооронбаев Сагымбай Орозбаковго биринчи жолу Нарында жолугат. Сагымбайдын кебете-кешпири, өң-түспөлү- кандай эле деген менин суроомо- "Сагымбай сейрегирээк көк-ала сакал, орто бойлуу, жоон кара киши эле" дейт. Ушул эле бир ооз жообуна карап Сапарбай Сагымбайды көп жакшы билбегенин байкоого болот. Себеби буга Сагымбайдын өңү кара эмес, кызылдуу болгондугун- - манасчынын кемпирлери, Ат-башылык Асанбай да эскертти. Ал гана эмес Сагымбайдан "Манас" эпосун жазган Ыбырайым Абдырахмановдун ким экендигин да унутуп калган. Ким, кандай киши жазды эле десем айтып бере алган жок. Буга караганда Сагымбай жөнүндө билгендерин эсинен чыгарып, унутуп калган окшойт.

Сагымбай Орозбаков жөнүндө Сапарбайдын айткандары мына булар болду: Мифтаков Сагымбайды ээрчитип жүрүп Нарындын

Үч-Чат деген жеринде /Жазырку "Эмгекчил" колхозу/ жазууну биринчи баштаган. Жазууну уюштурганына байланыштуу бир айылдан, экинчи айылга барганда үй бошотуп, тамак-аш менен камсыз кылган өңдүү шарттарды түзгөндүгүн билдирди. Манасчыга эпосту жаздыргандыгы жөнүндө мал жыйып бергендигин айта алган жок. Сагымбайдын динге болгон мамилесин, намаз окуган, окубаганын да эскере албады. Сооронбаев Сапарбай Сагымбай Орозбак уулунан эч нерсе жазбаган. Ал майда элдик көркөм чыгармаларды жыйнаган. Буга караганда К. Мифтаковдун ~~Ии~~ жазып калтырган эскерүүсүнүн чындыгы бардай көрүнөт.

Сапарбай Сооронбаев Нарын району Он-Арча селосу, Коммунизм колхозунда турат.

<u>Сагымбай жөнүндө маалыматты биринчи алган аялы Зайнап да берди.</u> Зайнепти он жашынан куда болуп, он 42 жашка чыкканда жаш алган аялы. Ал Сагымбай менен отуз жылдан ашуун убакыт өмүр сүргөн. Зайнептен Сагымбай жөнүндө эскергендери мына булар болду:

Манасты Сагымбай атайын бирөөлөр чакырганда, аш-тойго барганда айтуучу. Сарбагыш уруусундагы Ормон уулунун айлына Манасты айтуучу эле. Башка урууларга да барып Манас айткан убагы көп болгон. Шабдан баатыр да бир жарым ай манас айттырып, "Манастын" акыр аягына чыга албаган. Сагымбай Манасты айтып барбаган жери калбаган, Ысык-Көлдүн күнгөй, тескейине, Нарын, Ат-Башыга барып "Манас" айткан, болжолу ал убакта аталган жерлерден Сагымбайдан "Манас" укпаган адамдар аз болсо керек.

Сагымбай Манасты айтуу менен гана чектелбеген. Ал

ар түрдүү майда ырларды да жараткан талантту акын болгон. Акын болгондо да анын төкмөлүгү өтө күчтүү өнүккөн талантту акындардан экендиги эбактан маалым. Сагымбайдын талантынын күчтүүлүгүнө, Манастан башка да чыгармалар түзгөндүгүн Зайнеп мына буларды маалымдады: Аш-той болгондо жар чакырып, чыккан атты, жыккан балбанды, той-аш берендердин соболоосун көтөрүп мактап ырдоочу. Ал гана эмес өлүк өлгөндө да кошуп өкүрүүчү. Кошкондо көзүнүн жашын жамгырдай төгүп, жаңылбай кошо турган. Болду эми Саке, деп эл кайрылганда гана басылчу. Өзү кат таанубагандыктан кошокту жазып таркатуучу. Атбашылык Чойбек ажы өлгөндө өлүктү коюп келгенде ыйлаган элди токтотуп туруп, кошуп өкүрүп, басылган элди кайра ыйлаткан.

Сагымбайдын кат билбегендиги тууралуу мына буларды билдирди: Сагымбайдын атасы Орозбак молдого кармап берсе качып окубай койгон экен. Өзү ушунтип айтуучу эле-деди. Кийин өзү өкуп жүрүп молдо /кат тааныган адамдын баарын эле молдо десе керек/ болот. Куран, Чаар китеп, Соподдияр дагы бир башка китептерди көп окуучу. Беш убак намазын жазуучу эмес. Китепти көп окуганына мына муну эскертти. Баланчанын үйүндө китеп бар экен десе басып барып алып келип окуй турган Казал китептерди да көп окуучу.

Зейнеп Орозбак келини Нарын шаары Кыргыз көчөсү № I үйдө жашайт.

<u>Көбөшев Асанбайдын Сагымбай жөнүндө эскергендери</u>. Асанбай Сагымбайга 1908-1909- жылдары жолугат. Сагымбай анын үйүндө конуп жатып "Манасты" айткан. Ал "Манастын" Жети хандын окуясын айтканын эскертти. Экинчисинде Алмамбеттин